Долбоор

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТОКТОМУ**

**“Нарын” эркин экономикалык чөлкөмүндө товарларды жылдыруу тартибин бекитүү жөнүндө**

Евразия экономикалык биримдигинин Бажы кодексинин 455-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Эркин экономикалык зоналар жөнүндө” Мыйзамынын 4-беренесинин 2-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Министрлеринин Кабинети жөнүндө” Конституциялык мыйзамынынын 13,17-беренелерине ылайык токтом кылат:

1. “Нарын” эркин экономикалык чөлкөмүндө товарларды өткөрүү тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрүшсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин - Президенттин Администрациясынын чечимдеринин аткарылышын контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.У. Жапаров**

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу*
*Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин директору________________________У.Т. Темиралиев*
*«___» _______2022-ж.*